DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 5, 2021

*Джоошбекова З.Р., Ажиматов О.А.*

# ЭЛДИК КААДА-САЛТТАР ЖАНА ҮРП-АДАТТАР – БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИНДЕГИ КӨП МАДАНИЯТТУУЛУККА ТАРБИЯЛООНУН НЕГИЗГИ КАРАЖАТТАРЫ КАТАРЫ

*Джоошбекова З.Р., Ажиматов О.А.*

# НАРОДНЫЕ ТРАДИЦИИ И ОБЫЧАИ КАК ОСНОВНЫЕ СРЕДСТВА ПОЛИКУЛЬТУРНОГО ВОСПИТАНИЯ В ОБРАЗОВАТЕЛЬНОМ ПРОЦЕССЕ

***Z. Dzhooshbekova, O. Azhimatov***

# FOLK TRADITIONS AND CUSTOMS AS THE FUNDAMENTAL MEANS OF POLYCULTURAL EDUCATION IN THE EDUCATIONAL PROCESS

*УДК: 37 :351.855.6.*

*Макалада билим берүү процессиндеги көп маданияттуулукка тарбиялоодо элдик каада-салттардын, үрп-адаттардын ээлеген орду жана маани-маңызы ачылып берилген. Көп маданияттуу билим берүү жана тарбиялоо маселелерине байланыштуу концепциялардын кабыл алынышы, алар боюнча мамлекетибиздеги жүргүзүлүп жаткан иш-чаралар жөнүндө негизги ойлор айтылган. Өсүп келе жаткан жаш муундардын сапаттуу билим жана тарбия алуусу үчүн келечектеги билим алуусун алдын ала пландаштыруу жакшы натыйжаларды бере тургандыгы баарыбызга маалым. Көп маданияттуулукка тарбиялоодо каада-салттарды жана үрп-адаттарды ырым-жырымдар жана жөрөлгөлөр коштой тургандыгы жана алардын түрлөрү жөнүндө да берилген. Илимий жумуштун негизинде жүргүзүлгөн экспериментте студенттерге 25 суроодон турган анкета жүргүзүүнүн жыйынтыгында келечектеги мугалимдерди көп маданияттуулукка тарбиялоодо каада-салттардын жана үрп-адаттардын таасири, алар негизги каражатардан болуп эсептеле тургандыгы аныкталды.*

***Негизги сөздөр**: билим берүү, маданият, көп маданияттуулук, каада-салттар, үрп-адаттар, ырым-жырымдар, тарбиялоо, этномаданият, улут.*

*В статье раскрывается роль и значение народных обычаев и традиций в воспитании мультикультурализма в образовательном процессе. Принятие концепций поликультурного образования и воспитания, основных идей о деятельности, проводимой в нашей стране. Все мы знаем, что планирование будущего образования подрастающего поколения с целью получения качественного образования и воспитания принесет хорошие результаты. Также указывается, что обычаи и традиции сопровождаются ритуалами и церемониями в поликультурном образовании и их типах. Эксперимент, основанный на исследовательской работе, провел анкету из 25 вопросов к студентам и обнаружил, что влияние традиций и обычаев на поликультурное образование будущих учителей является одним из основных инструментов.*

***Ключевые слова:** образование, культура, поликультурализм, традиции, обычаи, обряды, воспитание, этнокультура, нация.*

*The article reveals the role and significance of folk customs and traditions in the upbringing of multiculturalism in the educational process. Adoption of the concepts of multicultural education and upbringing, the main ideas about the activities carried out in our country. We all know that planning the future education of the younger generation in order to receive quality education and upbringing will bring good results. It is also indicated that customs and traditions are accompanied by rituals and ceremonies in multicultural education and their types. A research-based experiment conducted a 25-question questionnaire for students and found that the influence of traditions and customs on the multicultural education of prospective teachers is one of the main tools.*

***Key words**: education, culture, multiculturalism, traditions, customs, rituals, upbringing, ethnoculture, nation.*

Азыркы мезгилде билим берүү бүткүл дүйнө жүзүндөгү коомдук өнүгүүнүн эң орчундуу, маанилүү, көңүл бурулуучу маселелеринин бири болуп саналат. Коомдун өнүгүүсүнө багытталган билим берүү системасын өнүктүрүүдө мамлекетибиздин таасири өтө чоң экендигин баса белгилеп кетүүгө болот.

Ал эми, 2020-жылга чейин Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү концепциясында төмөнкүдөй милдеттер белгиленген: «Глобалдык атаандаштык жана көп сандаган иштин трансчек аралык мүнөзүн кеңейтүү шартында улуттук таламдарды коргоо жана өлкөнүн беделин көтөрүү маселеси:

- маданияттын өзгөчөлүктөрүн сактоо жана өнүктүрүү, улуттук бөтөнчөлүктү жана маданияттын көп түрдүүлүгүн колдоо;
- Кыргызстанды региондук жана глобалдык билим берүү мейкиндигине киргизүү», - деп каралган [6, 10].

Жогорку моралдык ченемдерди, каада-салттарды, салттуу болгон үй-бүлөлүк жана коомдук баалуулуктарды, сергек жашоону өздөштүрүү, кыргыз элинин маданияттарынын дөөлөтүн, кайталангыстыгын жана бирдиктүүлүгүн чагылдырган жалпы адамзаттык баалуулуктардын системасына өтүү аркылуу жарандарды тарбиялоону колдоо максатында президент Садыр Жапаровдун «Жарандардын рухий жана адеп-ахлактык өнүгүүсү

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



жана дене тарбиясы жөнүндө» биринчи жарлыгы 2021-жылдын 29-январында кабыл алынды. Азыркы мезгилде мамлекетибиздин аймактарында жарлыктын алкагында алгылыкттуу жумуштар жүрүп жатат [2].

Кыргыз Республикасы ата мекендик билим берүүнүн мыкты салттарына жана эл аралык тажрыйбага таянып, ийкемдүү, ачык, заманбап талаптарга ылайык, улуттук билим берүү системасын түзүүдө.

Келечектеги окуучуларды көп маданияттуулукка тарбиялоодо ЖОЖдун студенттерине көп маданияттуу билим берүү жана тарбиялоо боюнча кеңири түшүнүктөрдү, алардын маани-маңызын ачып берип, көп маданияттуулукка тарбиялоонун каражаттары, алардын аткарган ролу жөнүндө түшүнүктөрүн калыптандыруу негизги милдеттердин бири болуп саналат. **Билим берүү** бул адамдын ишмердүүлүгүнүн келечекке багытталган тармактардан болуп саналат. Бала алгач ирет мектеп босогосун аттаган күндөн баштап эле аларды окутууда ийгиликтүү натыйжа бере турган окуу программаларын түзүү үчүн билим берүүнү уюштуруучуларга бул окуучулар башталгыч мектепти бүткөн кезде кандай жөндөмдөр зарыл экендигин, келечекке бала кандай ык, машыгууларга ээ болуусу керектиги жөнүндө маалыматтарга ээ болушубуз керек. Окуучулар окуй турган предметтер боюнча программаларды пландаштыруу үчүн мектепти аяктап жаткан бүтүрүүчүлөрдүн эмнеге, кандай иш-аракеттерге багыт ала тургандыгын терең түшүнүшүбүз абзел. Өсүп келе жаткан жаш муун сапаттуу билим алуусу үчүн келечектеги билим алуусун алдын ала пландаштыруу жакшы натыйжаларды берет.

Келечектин ээлери болгон мектеп окуучуларын тарбиялоодо мугалимдердин орду чоң. Азыркы мезгилде эмгектенип жаткан мектеп мугалимдери жана болочок мугалимдердин этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориялык жана практикалык ыкмаларын иштеп чыгуу – педагогика илиминин эң маанилүү маселеринин бири болуп саналат, - деп Н. Асипова баса белгилеген.

Мугалимдердин этнопедагогикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу деген түшүнүктү биринчиден бул маселедеги эки нерсени – «этномаданий» жана «компетенттүүлүк» түшүнүктөрүнүн маанилерин чечмелеп алганыбыз оң. Тарбия процессине таасир эткен «этномаданият «түшүнүгүнө токтолуп кете турган болсок, «этномаданият» өзүнүн түпкү маанисинде коомдук өсүп-өнүгүүнүн ажырагыс руханий көрсөткүчтөрү болуп эсептелген эки түшүнүктүн – «этнос» - «улут» жана «маданият» деген түшүнүктөрдөн турат [3, 262-б.].

Көп маданияттуу билим берүү жана көп маданияттуулукка тарбиялоо тек гана заманбап ааламдашуу талаптары менен гана шартталбастан, ал атуулдук ошол эле мезгилде башка улуттун өкүлдөрү менен ынтымакта, ырашкерликте жашоого багытталган феномен катары чет элдик философиянын жана педагогиканын салттарында орун алган.

Маданият – адамдардын жашоо тиричилигинде узакка созулган тарыхый жараяндын көрсөткүчү болуу менен бирге түрдүү этапта жанаша жашаган элдердин маданий деңгээлин, белгилүү улутту жана жеке адамдын субъективдүү социалдык жүрүм-турумун чагылдыруучу рухий курал.

Г.В. Палаткина болсо, «Көп маданияттуу билим берүү бул – бардык этностордун билим берүүдөгү проблемаларын чечүү жана элдерди көп маданияттуу коомго даярдоо» - деген. Ал эми Н.А. Асипова улуттар аралык мамилелердеги маданиятты калыптандыруунун төмөнкүдөй жолдорун белгилеген:

– адамдар арасындагы демократиялык жүрүм-турум маданиятын өстүрүү;

– улуттар аралык мамилелерде гумандуулук принциптерине басым жасоо;

– толеранттуулукту же сабырдуулукту эң башкы сапат деп таануу;

– ар кандай улуттар арасында максаттуу биргелешкен иш аракеттерди уюштуруу;

– инсандын адеп-ахлак маданиятын улут аралык мамилелердеги негизги көрсөткүч катары таануу ж.б. [7, 23-б.].

Көп маданияттуу инсанды тарбиялоо үчүн каада-салттардын, үрп-адаттардын орду чоң экендигин баса белгилеп кетишибиз керек Каада-салт жана үрп-адат деген түшүнүктөрдүн маанилерин чечмелей турган болсок: салт – бул жалпылыкка, туруктуулук мүнөзгө ээ болгон, улуттук психологияны чагылдырган, элибизде кабыл алынып, калыптанган жашоонун, жүрүм-турумдун, адамдардын ортосундагы мамиленин чен-өлчөмү, көрсөткүчү катарыболуп саналат [3, 4]. М: Адам бул жашоодо өз жашоосун жашап баштагандан баштап, өмүрүнүн аягына чейинки турмушун коштоп жүргөн жашоонун ар кандай кырдаалдарында колдонула турган эрежелери: оозантуу, сүйүнчүлөө, азан чакырып ат коюу, жентек берүү, бешик той өткөрүү, тушоо кесүү, сүннөткө отургузуу, уул үйлөө, кыз узатуу, маркумду акыркы сапарга узатуу ж.б. Аталган ар бир салт өзүнчө аткарыла турган жөрөлгөлөрдөн, ырым-жырымдардан турат.

Демек, салтты муундан муунга сакталып келе жаткан ыйык түшүнүк катары эсептесек болот. Салт дайыма кайталанып турат. Бирок эски көрүнүш жаңы

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



муун жашап жаткан коомдо башкача кайталанат. Ал сөзсүз жаңы түшүнүктөр жана жаңы нерселер менен аз да болсо толукталып турат.

Ал эми «каада» деген терминге токтоло турган болсок, бул термин салтка караганда жекелик мүнөзгө ээ болот да, жогоруда аталган жалпы элдик салттын аткарылышы катары ар бир адамдын ага карата болгон мамилеси менен түшүндүрүлөт. Окумуштуу Х.Карасаевдин сөздүгүндө салт, үрп-адат, урмат, атак-даңк, шаан-шөкөт, кадыр-барк деген түшүнүктөр чечмеленип, ар бири өзүнчө түшүнүккө ээ болот деп айтылган. Бирок маанилери ар башка болгону менен, синоним сөз катары белгиленет - деп берилген [2, 417-б.].

Төмөндөгү сүрөттө баланы бешикке салуу салты чагылдырылган.



**1-сүрөт.**

Ал эми 2-сүрөттө болсо ысырык салуу үрп-адаты чагылдырылган.



**2-сүрөт.**

3-сүрөттө болсо кыз узатуу салты чагылдырылып көрсөтүлгөн.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557





**3-сүрөт.**

Демек, элдик тарбиянын башаты элдин тарыхы менен өзөктөш деп баса белгилеп кетүүгө болот. Салттарды, үрп-адаттарды колдонууда айрым аймактык өзгөчөлүктөр болгону менен, алардын келип чыккан түбү бир.

Илимий жумуштун негизинде жүргүзүлгөн эксперименте студенттерге 25 суроодон турган анкета жүргүзүүнүн жыйынтыгында келечектег имугалимдерди көп маданияттуулукка тарбиялоодо каада-салттардын жана үрп-адаттардын таасири, алар негизги каражатардан болуп эсептелине тургандыгы аныкталды. Каада-салт жана үрп-адаттарды негизги каражат катары пайдаланылып келүүдө.

Ошентип, билим берүүдөгү көп маданияттуулукка тарбиялоодо элдик каада-салттардын жана үрп-адаттардын ээлеген орду эбегейсиз деп айтууга болот.


1. https://www.super.kg/kabar/news/344061/.
2. Карасаев Х. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. - Ф.: Мектеп, 1984. - С.417
3. Максутова А. Литературное образование на основе этнической культуры. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2013. №. 3. С. 261-263.
4. Солтонбеков Б. Кылымдарды карыткан кыргыздардын каада салттары -Б.: 2000, С.4
5. Эргешали кызы Айчүрөк, Өспүрүм курактагы окуучуларды чет тилин окутуу аркылуу көп маданияттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттары (англис тилин окутуунун мисалында), диссертация, Бишкек – 2018, С.10
6. Эргешали кызы Айчүрөк, Өспүрүм курактагы окуучуларды чет тилин окутуу аркылуу көп маданияттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттары, (англис тилин окутуунун мисалында) диссертация, Бишкек – 2018, С.23.
7. Максутова А. Обучения на этнокультурной основе урока кыргызской литературы в школах с русским языком обучения. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2013. №. 3. С. 228-230.


**Адабияттар:**